# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2025-жылдын 25-декабры Бишкек шаары

№46

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2020-жылдын 29-майындагы № 8 “Алдамчылык, ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу жана коротуу тууралуу иштер боюнча соттук тажрыйба жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомун инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча жана мыйзамдардын өзгөрүшүнө байланыштуу “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 7-пунктун, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламентинин 3.2-пунктун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму **токтом кылат:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2020-жылдын 29-майындагы № 8 “Алдамчылык, ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу жана коротуу тууралуу иштер боюнча соттук тажрыйба жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** Токтомдун преамбуласындагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 96-беренесинин 2-бөлүгүн, "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 2-пунктун жана 15-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасын” – деген сөздөр “**Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүн, “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 19-беренесин**” - деген сөздөргө алмаштырылсын, андан ары текст боюнча.

**2.** Токтомдун 1-пунктундагы “Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин (мындан ары - КР ЖК) 204-беренеси жана Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин (мындан ары КР ЖжК) 92-беренесине” – деген сөздөр **“Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары - КР КЖК) 209-беренесине**”- деген сөздөргө алмаштырылсын, андан ары текст боюнча.

**3.** Токтомдун 3-пунктунда:

- 3-абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Бул учурда соттор кандайдыр бир жарандык укуктук милдеттенмесин аткарууга мүмкүнчүлүгү жок деген негизде гана эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн эместигин белгилеген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 59-беренесинин 2-бөлүгүнүн, ошондой эле эгерде кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык чечилүүсү тийиш болгон маселе пайда болсо, ал ошол тартипте чечилээрин белгилеген Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 1-беренесинин 4-бөлүгүн эске алуусу керек.

Ошол эле учурда аталган жоболор сот тарабынан милдеттенмени аткарбоо алдоо, ишенимди кыянаттык менен пайдалануу, келишимдик милдеттенмелерди атайылап аткарбоо же Кыргыз Республикасынын КЖКда каралган кылмыштын башка белгилери

менен коштолгону аныкталган учурларда, адамдын аракеттерине кылмыш-жаза-укуктук баа берүүнү четке какпайт.”.

**4.** Токтомдун 7-пунктунда:

- 1-абзацтагы “359-беренесинин” – деген сөздөр “**379-беренесинин”** – деген сөздөр менен алмаштырылсын, андан ары текст боюнча;

- 2-абзацтагы “38-беренеси” – деген сөздөр “**36-беренеси”** – деген сөздөр менен алмаштырылсын, ал эми “204-беренесинин 3-бөлүгүндө” – деген сөздөр “**209-беренесинин 4-бөлүгүндө**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча.

**5.** Токтомдун 9-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Кылмыш жоопкерчилиги каралган алдамчылык катары, эгерде мүлктүн баасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн олуттуу эмес өлчөмдү түзсө ишкердик чөйрөсүндө жарандык укуктук милдеттенмесин атайылап аткарбоо менен коштолгон аракеттер саналат. Келтирилген зыяндын өлчөмүн уурдалган мүлктүн кылмыш жасалган учурдагы баасына жараша эсептөө керек.”.

**6.** 14-пункттан кийин токтом төмөнкүдөй мазмундагы “**14-1. и 14-2.»**” - пунктар менен толукталсын:

«14-1. Санариптик жана маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен жасалган кылмыштарды туура квалификациялоо максатында соттор технологиялардын өнүгүү шарттарында Интернет, мобилдик тиркемелер, мессенджерлер, социалдык тармактар, жасалма сайттар, электрондук почта жана башка аралыктан өз ара аракеттенүү каналдары аркылуу жасалган алдамчылык учурлары кеңири жайылгандыгын эске алышы керек.

Мындай формаларга, атап айтканда, жасалма интернет-ресурстарды түзүү, фишингдик билдирүүлөрдү жөнөтүү, жалган эсептерди жана профилдерди пайдалануу жолу менен жабырлануучуларды адаштыруу, өзүн банктардын, мамлекеттик органдардын же башка уюмдардын кызматкерлери катары көрсөтүү, ошого тете эле жабырлануучунун мүлкүн өз алдынча ээлөөгө багытталган алдамчылыктын башка ыкмалары кирет.

Көрсөтүлгөн жосундарды квалификациялоо алдамчылыктын курамынын бардык белгилери болгон учурда КР КЖКнын 209-беренеси боюнча жүргүзүлөт. Эгерде алар жасалганда компьютердик маалымат чөйрөсүндө өз алдынча кылмыштар орун алса, анда жасалган жосун КР КЖКнын тиешелүү беренелери боюнча кошумча квалификацияга ээ болот.

14-2. Соттор Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодексинин 209-1-беренеси боюнча кылмыш-жаза жоопкерчилиги электрондук төлөм каражаттарын, виртуалдык активдердин капчыктарын же SIM-карталарды үчүнчү жактарга аларды пайдаланууга жана башкарууга мүмкүнчүлүк берүү менен атайылап берүү же сатуу учурларында келип чыгаарын эске алуулары керек, эгерде мындай аракеттер үчүнчү жактардын көрсөтмөсү боюнча жана алардын кызыкчылыктарында, укук ченемсиз аракеттерди жасоо максатында жасалып, мүлктүк зыян келтирүүгө алып келсе.

КР КЖКнын 209-1-беренесинин маанисинде атайылап берүү деп үчүнчү жактарга банктык карталарды, эсептердин реквизиттерин, интернет-банкинг жана мобилдик тиркемелердин логиндерин жана сырсөздөрүн; электрондук капчыктарды жана виртуалдык активдерди башкаруу каражаттарын; SIM-карталарды же аларга жеткиликтүүлүктү (PIN-коддорду, бир жолку тастыктоо коддорун) ошол каражаттар укукка каршы жосундарды жасоо үчүн пайдаланыларын аңдап туруп, билип берүү түшүнүлөт.».

**7.** Токтомдун 15-пунктунда:

- 1-абзацтагы “209-бер.” – деген сөздөр “**215-бер.”** – деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча;

- 2-абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Адамдын аракетинде КР КЖКнын 215-беренеси менен жоопкерчилиги каралган кылмыштын курамынын бардыгы тууралуу маселени чечүүдө, сот мүлктүн ээсине же башка жакка реалдуу мүлктүк зыян же пайда көрбөй калуу түрүндөгү зыян (башкача айтканда жарандык мамилелердин кадыресе шартында алынуусу тийиш болгон, алдоо же ишенимге кыянаттык кылуу жолу менен укугу бузулгандыктан алынбай калган пайда) келтирилгенин жана ошондой эле зыяндын суммасы кылмыш жасалган учурда эсептик көрсөткүчтүн өлчөмү жүз эсе ашкандыгын аныкташы керек.”.

**8.** Токтомдун 17-пунктунда:

- 1-абзацтагы “КР ЖКнин 205-беренесинде каралган кылмыштар жөнүндө жана КР ЖжКнин 91-беренесинде” – деген сөздөр “**210-беренесинде”** – деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 2- абзацтагы “**же жорук**” – деген сөздөр алып салынсын.

**9.** Токтомдун 20-пунктунда:

- 1-абзацтагы “42-44-беренелерин” – деген сөздөр “**40-42-беренелерин”** – деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**10.** Токтомдун 22-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Жаранга олуттуу эмес өлчөмдө зыян келтирүү менен жасалган алдамчылык, ыйгарып алуу же коротуу, аяктаган кылмыш катары КР КЖКнын 209 жана 210-беренелери менен реалдуу түрдө олуттуу эмес өлчөмдө зыян келтирилген учурда гана квалификацияланышы мүмкүн.”.

**11.** Токтомдун 23-пунктунда:

- 1-абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Күнөөлүүлөрдүн аракеттеринде олуттуу эмес, олуттуу, ири жана өзгөчө ири өлчөмдө алдамчылык, ыйгарып алуу же коротуу жасоонун квалификацияланган белгисинин бардыгы тууралуу маселе 2021-жылдын 28-октябрындагы редакциядагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 1-тиркемесине ылайык чечилиши керек. Бул учурда соттор олуттуу эмес зыян (өлчөм) эсептик көрсөткүчтөн 10 эсе (б.а. 1 миң сомдон ашык); олуттуу зыян (өлчөм) - 100 эсе (10 миң сомдон ашык); ири зыян (өлчөм) - 10 000 эсе (1 млн сомдон ашык); өзгөчө ири зыян (өлчөм) - 25 000 эсе (2,5 млн сомдон ашык) жогору болоорун эске алуусу керек.”;

- 3-абзацтагы “олуттуу, ири жана өзгөчө ири өлчөмдүн” – деген сөздөр “**олуттуу эмес, олуттуу, ири жана өзгөчө ири өлчөмдүн”** – деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**12**. 23-пункттан кийин токтом төмөнкүдөй мазмундагы “**23-1.»**” - пункт менен толукталсын:

“23-1. Соттор КР КЖКнын 58-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык кылмыш-жаза жоопкерчилигинен эскирүү мөөнөттөрүнүн өтүшүнө байланыштуу бошотуу жөнүндө жоболор аталган мыйзам нормасында түздөн-түз көрсөтүлгөн кылмыштар боюнча иштерге, анын ичинде КР КЖКнын 209-беренесинде, 210-беренесинин 3 жана 4-бөлүктөрүндө, 215-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган кылмыштар боюнча, ошондой эле КР КЖКнын 58-беренесинин 6-бөлүгүндө көрсөтүлгөн башка кылмыштар боюнча, алар жасалган күндөн тартып канча убакыт өткөнүнө карабастан колдонулбай турганын эске алуулары керек.

Ошол эле учурда соттор КР КЖКнын 58-беренесинин 6-бөлүгүндө каралган эскирүү мөөнөттөрүн колдонбоо КР КЖКнын Өзгөчө бөлүгүнүн жоболорунан улам адамды кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбай турганын эске алуулары зарыл.

Мындай учурларда кылмыш ишин кыскартуу КР КЖПКнын 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 9-пунктунун негизинде — КР КЖКнын Өзгөчө бөлүгүнүн жоболоруна ылайык кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулууга тийиш болгон адамга карата (айрыкча КР

КЖКнын 209-беренесине карата эскертүүгө, КР КЖКнын 209-1-беренесине карата эскертүүгө жана кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуунун башка атайын негиздерине ылайык) жүзөгө ашырылат.

КР КЖКнын 209-беренесин колдонууда соттор аталган беренеге карата эскертүүнү эске алуулары керек, ага ылайык келишимдик милдеттенмелерди атайылап аткарбоонун натыйжасында келтирилген зыянды ыктыярдуу түрдө толук өндүргөн адам, анын аракеттеринде башка кылмыштын белгилери жок болгон учурда, кылмыш-жаза жоопкерчилигинен жана жазадан бошотулат.

Мында соттор Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2024-жылдын 21-июнундагы Чечиминде баяндалган укуктук позицияларды да эске алуулары зарыл.

Бул эскертүүнүн жоболору алдоо же ишенимди кыянаттык менен пайдалануу жолу менен жасалган алдамчылыкка колдонулбайт.”.

**13.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламенти менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**

**Маалымкат-негиздеме**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2020-жылдын 29-майындагы №8 “Алдамчылык, ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу жана коротуу тууралуу иштер боюнча соттук тажрыйба жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынат, анткени анын жоболору төмөндө көрсөтүлгөн ченемдерге шилтеме жасайт:

- Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 2-февралындагы №20 Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине, ал өз күчүн жоготкон жана учурда анын ордуна 2021-жылдын 28-октябрында кабыл алынган №129 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси колдонулууда.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарына өзгөртүүлөрдүн киргизилишине байланыштуу, тактап айтканда, 2021-жылдын 28-октябрында кабыл алынган №129 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин күчүнө кириши менен, 2017-жылдын 2-февралындагы №20 редакциясындагы Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине шилтеме берген нормалар өз күчүн жоготкон. Бул нормалар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2020-жылдын 29-майындагы №8 токтомунда колдонулган. Нормативдик актты жаңылоонун максатында жана соттук практикадагы учурдагы өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, кодекстин эски редакциясына шилтемелерди кайра карап чыгып, алмаштыруу талап кылынат.